**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**19-февраль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясынын**
**№ 6- токтому**

**"Элдерди жазгы жайытка көчүрүү, көчүрүп келүү жана**
**мал башына алынуучу жайыт акы жөнүндө"**

Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жайыт адиси К.Садыковдун жакынкы жана алыскы жайыттар боюнча маалыматын угуп жана талкуулап Кыз-Көл айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Элдерди жакынкы жана алыскы жайыттарга көчүрүү 2026-жылдын 20-апрелинен 1-майына чейин жана көчүрүп келүү 29-августка деп бекитилсин.
2. Мал башына алынуучу жайыт акы тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркеме тиркелет).
3. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу баардык айылдарга жана Көк-Булак участкасына эгилген эгиндерди, чөп орокторду кароо үчүн кароолчулар шайлансын.
4. Эгиндерге, чөп орокторго түшкөн мал жандыктарына 500 (беш жүз) сомдон, экинчи ирет түшсө 1000 (бир миң) сомдон, үчүнчү ирет түшсө бузуулар мыйзамы боюнча жоопкерчиликке тартылат. Алынган айып акчалар кароолдордун миңген атына, жем чөп алууга жумшалсын.
5. Камалган мал жандыктары видео сүрөттөргө тартылып, вотсап аркылуу айыл айылдардагы группаларга камалган күндөн баштап жарыялары жөнөтүлүп турсун жана өлүп калса кароолчулар жооп берет, сөзсүз каттоо журналы жүргүзүлсүн.
6. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**

**БЕКИТЕМИН**
**Кыз-Көл айылдык кеңешинин**

**төрагасы:____________К.Кушбаков**
**“__19___”__февраль__2026-жылдагы**
**Кыз-Көл айылдык кеңешинин**
**№_9__ сессиясынын №_6_токтому**

**Кыз-Көл жайыт комитетинин 2026-жылга жайыт пайдалануу ТАРИФИ.**

| № | Мал жандыктар | Ички жайыт | Алыскы жайыт |
|---|---|---|---|
| **1** | Кара мал | 250,0 | 250,0 |
| **2** | Жылкы | 250,0 | 250,0 |
| **3** | Кой -эчки | 50,0 | 50,0 |
| **4** | Сырттан алып келип баккан кара малга,жылкыга | 1500,0 | 1500,0 |
| **5** | Сырттан алып келип баккан кой-эчкиге | 250,0 | 250,0 |
| **6** | Мал, жылкы баккан малчылардын эмгек акысы | 1000,0 | 1000,0 |
| **7** | Кой-эчки баккан койчунун эмгек акысы | 200,0 | 200,0 |

**Эскертүү:** Жайлоого жайытка көчүп кетүү -апрелден аба ырайына байланыштуу, ал эми көчүп келүү 31-августан кийин. Эгерде ушул мөөнөттөн мурда көчүп келген тургундар же малчылар болсо алар бузуулар мыйзамы боюнча каралат. Жайыт жерлерди кашаалап чөп орок, бак эккендерге 7 жылга чейинки мөөнөттөгүлөргө 1000(миң) сомдон, 7 жылдан жогорку мөөнөттөгүлөргө
4000 сомдон акы төлөнсүн. Ал эми жайытты мал жайлоого кеткенден кийин чөп орок катары пайдаланса гектарына 2000(эки миң) сомдон ижара акы төлөнсүн. Жогорудагы талапртарды аткарбаган тургундар болсо, мыйзам чегинде укук бузуулар мыйзамы боюнча чара көрүлөт.

**“Кыз-Көл таза аймак” мунципалдык ишканасынын жетекчиси: А.Жееналиев**

**Жайыт бөлүмүнүн башчысы: К.Садыков**